# ЭФОТК (IFRIC) 12 түшүндүрмөсү
# «Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар»

## Шилтемелер

- *«Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү концепциясы»*[1]
- *«Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын алгачкы колдонуу»* ФОЭС (IFRS) 1
- *«Финансылык инструменттер: маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IFRS) 7
- *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9
- *«Сатып алуучулар менен болгон келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15
- *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16
- *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8
- *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16
- *«Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 20
- *«Зайымдар боюнча чыгымдар»* ФОЭС (IAS) 23
- *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IAS) 32,
- *«Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36
- *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37
- *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38
- *«Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар: маалыматты ачып көрсөтүү»* ТТК (SIC) 29 түшүндүрмөсү[2]

### Баштапкы маалымат

1 Көпчүлүк өлкөлөрдө коомдук кызматтарды көрсөтүү үчүн инфраструктуралык объекттер - жолдор, көпүрөлөр, туннелдер, түрмөлөр, ооруканалар, аэропорттор, суу бөлүштүрүүчү курулмалар, энергия менен камсыздоо системалары жана телекоммуникациялык тармактар сыяктуу инфраструктура объекттери мамлекеттик сектордун ишканалары тарабынан салттуу курулат, башкарылат, тейленет жана мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттар менен каржыланат.

2 Айрым өлкөлөрдө мамлекет ушул инфраструктуралык объекттилерди өнүктүрүүгө, каржылоого, оперативдүү башкарууга жана тейлөөгө катышууга жеке секторду тартуу

[1] Шилтеме 2001-жылы Кеңеш тарабынан кабыл алынган жана ушул түшүндүрмөнү иштеп чыгуу учурунда колдонууда болгон ФОЭСКнын *«Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү концепциясына»* таандык.

[2] Мурда «*Кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө концессиялык макулдашуулар: маалыматты ачып көрсөтүү*» деп аталган ТТК (SIC) 29дун аталышы ЭФОТК (IFRIC) 12 менен өзгөртүлгөн.

© ФОЭС Фонду

үчүн келишимдик негизде кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууларды колдонууну практикага киргизген. Инфраструктуралык объекттер буга чейин болушу мүмкүн же кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн ичинде курулушу мүмкүн. Ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө кирген макулдашуу адатта, коомдук кызматтарды көрсөтүүдө колдонулган инфраструктуралык объекттерди кура турган же аны өркүндөтө турган (мисалы анын өткөрүү жөндөмүн жогорулатуу менен), ошондой эле белгилүү бир мезгилдин ичинде ушул инфраструктуралык объекттиси оперативдүү башкаруу жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтө турган жеке сектордун ишканасын (оператор) тартууну карайт. Оператордун кызмат көрсөтүүлөрүнө макулдашуунун колдонуу мөөнөтүнүн ичинде төлөнөт. Макулдашуу кызматтарды көрсөтүү боюнча талаптар жана ченемдер, бааларды жөнгө салуу механизмдери жана арбитраждык тартипте талаш-тартыштарды чечүү шарттары белгиленген келишим менен жөнгө салынат. Кызмат көрсөтүү жөнүндө мындай макулдашуу «куруу – оперативдүү башкаруу – өткөрүп берүү», «реконструкциялоо – оперативдүү башкаруу – өткөрүп берүү» же «мамлекеттик-жеке өз ара аракеттенүү» тибиндеги концессиялык макулдашуу катарында көп сыпатталат.

3 Кызмат көрсөтүү жөнүндө ушул макулдашуулардын мүнөздүү белгиси болуп оператор көрсөтүүгө милдеттүү болгон кызматтардын коомдук мүнөзү саналат. Мамлекеттин саясаты инфраструктуралык объекттер менен байланышкан кызматтарды кайсы тарап көрсөткөндүгүнө карабастан, калкка ушул кызматтардын көрсөтүлүшүндө турат. Кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу оператор келишимдик негизде мамлекеттик сектордун ишканасынын атынан калкка кызмат көрсөтүү милдетин өзүнө алаарын карайт. Башка жалпы мүнөздөмөлөр болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу формасында укук берген тарап (концедент) болуп мамлекеттик сектордун ишканасы, анын ичинде кызматтарды көрсөтүүгө жоопкерчилик өткөрүп берилген мамлекеттик органдар же жеке сектордун ишканасы саналат;

(b) оператор концеденттин атынан агент катарында гана иштебестен, жок дегенде, инфраструктуралык объекттерди оперативдүү башкаруу жана тийиштүү кызмат көрсөтүүлөр боюнча айрым функцияларды аткаруу жоопкерчилигин алат;

(c) келишим оператор тарабынан алынуучу баштапкы бааларды белгилейт жана кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн ичинде бааларды кайра кароо маселесин жөнгө салат;

(d) макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн аягында оператор инфраструктура объектисин анча көп эмес кошумча ордун толтурууга же анысы жок, башында тараптардын кимиси ушул объектти каржылаганына карабастан, белгилүү бир абалда концедентке өткөрүп берүүгө милдеттүү.

## Колдонуу чөйрөсү

4 Ушул түшүндүрмө мамлекеттик-жеке өз ара аракеттенүүнүн алкагында кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуунун операторлору тарабынан эсепке алуу боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт.

5 Ушул түшүндүрмө мамлекеттик-жеке өз ара аракеттенүүнүн алкагында кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашууларга колдонулат, эгер:

© ФОЭС Фонду

(a) концедент инфраструктуралык объектти колдонуу менен оператор кандай кызматтарды көрсөтүшү керектигин, аларды кимдерге жана кандай баада көрсөтүшү керектигин контролдосо же жөнгө салса; жана

(b) концедент – менчик укугу, бенефициардык укуктар аркылуу же башка негиздер боюнча – макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн аягында инфраструктура объекттиндеги бардык олуттуу калдык үлүшүн контролдосо.

6 Мамлекеттик-жеке өз ара аракеттенүү алкагында кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашууларда, алардын бүткүл пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аралыгында колдонулуучу (мөөнөттү толук колдонгон активдер) инфраструктура объекттери, эгер 5(а)-пунктунда каралган шарттар аткарылса, ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө кирет. AG1–AG8-пункттары мамлекеттик-жеке өз ара аракеттенүүнүн алкагында кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө кирерин/кирбесин же кандай деңгээлде кирерин аныктоо боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт.

7 Ушул Түшүндүрмө төмөнкүлөргө колдонулат:

(a) оператор кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну аткаруу максатында курган же үчүнчү тараптан сатып алган инфраструктуралык объекттерге; жана

(b) концедент кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну аткаруу максатында операторго жеткиликтүүлүк берген, колдонулуп жаткан инфраструктуралык объекттерге.

8 Ушул түшүндүрмө кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу бекитилгенге чейин оператор тарабынан кармалып турган же негизги каражаттар катарында таанылган инфраструктуралык объекттерди эсепке алуу тартибин аныктабайт. Ушундай инфраструктуралык объекттерин таанууну токтотуу боюнча ФОЭСтин талаптары колдонулат (ФОЭС (IAS) 16да баяндалган).

9 Ушул түшүндүрмө концеденттердин эсепке алуу тартибин аныктабайт.

## Маселелер

10 Ушул түшүндүрмө кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашууда милдеттерди жана тийиштүү укуктарды таануунун жана баалоонун жалпы принциптерин белгилейт. Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар боюнча маалыматты ачып көрсөтүү талаптары ТТК (SIC) 29 түшүндүрмөсүндө камтылат. Ушул түшүндүрмөдө төмөнкүдөй маселелер каралат:

(a) инфраструктуралык объекттер боюнча оператордун укуктарын эсепке алуу тартиби;

(b) макулдашуу боюнча ордун толтурууну таануу жана баалоо;

(c) куруу же өркүндөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

(d) оперативдүү башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

(e) зайымдар боюнча чыгымдар;

(f) финансылык активди жана материалдык эмес активди кийинки эсепке алуу; жана

© ФОЭС Фонду

(g) концедент тарабынан операторго берилген объекттер.

## Консенсус

### Инфраструктура объекттери боюнча оператордун укуктарын эсепке алуу тартиби

11 Ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүндө турган инфраструктуралык объекттер оператор тарабынан негизги каражаттар катарында таанылбашы керек, анткени кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу операторго коомдук багыттагы инфраструктуралык объекттерди колдонууну контролдоо укугун өткөрүп бербейт. Оператордо келишимде аныкталган шарттарга ылайык концеденттин атынан коомдук кызматтарды көрсөтүү үчүн аларды оперативдүү башкаруу максатында инфраструктуралык объекттерге кирүү мүмкүндүгү бар.

### Макулдашууда каралган ордун толтурууну таануу жана баалоо

12 Ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө кирген макулдашуулардын шарттарына ылайык оператор кызмат көрсөтүүчү катарында иштейт. Оператор убакыттын белгилүү бир мезгили ичинде тигил же бул коомдук кызматтарды көрсөтүү үчүн колдонулуучу инфраструктуралык объекттерди курат же өркүндөтөт (куруу же өркүндөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр), ушул инфраструктуралык объектти оперативдүү башкарууну жүргүзөт жана аны тейлейт (оперативдүү башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр).

13 Кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешени оператор ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык таанууга жана баалоого тийиш. Ордун толтуруунун мүнөзү анын кийинки эсепке алуу тартибин аныктайт. Финансылык актив катарында жана материалдык эмес актив катарында алынган ордун толтурууну кийинки эсепке алуу тартиби төмөндө 23-26-пункттарында сыпатталат.

### Куруу же өркүндөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр

14 Оператор инфраструктуралык объекттерди куруу же өркүндөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эске алышы керек.

#### Концедент тарабынан операторго төлөнгөн ордун толтуруу

15 Эгер оператор куруу же өркүндөтүү боюнча кызматтарды көрсөтсө, оператор тарабынан алынган же алына турган ордун толтуруу ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык таанылууга тийиш. Ордун толтуруу төмөнкүлөргө болгон укукту билдириши мүмкүн:

(a) финансылык активге, же

(b) материалдык эмес активге.

16 Оператор куруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн концеденттен же анын көрсөтмөсү боюнча акча каражаттарын же башка финансылык активди алууга келишимде каралган шартсыз укукка ээ болгон даражада финансылык активди таанууга тийиш; эрежедегидей, ушул макулдашуу укуктук жактан корголгондуктан, концедент дээрлик (же таптакыр) төлөөдөн кача албайт. Эгер концедент келишимдин шарттары боюнча операторго: (a) белгиленген же аныктоого болгон сумманы же (b) коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн

пайдалануучуларынан алынган суммалар менен белгиленген же аныктоого болгон суммалардын ортосундагы кем алынган айырманы, эгер ушундай орун алса, төлөөгө кепилдик берсе, ал тургай эгер төлөм оператордун инфраструктуралык объекттин белгиленген сапат же натыйжалуулук талаптарына шайкештигин камсыздаган/камсыздабагандыгына көз каранды болсо дагы, оператор акча каражаттарын алууга шартсыз укукка ээ болот.

17 Оператор коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалануучуларынан акы алуу укугун (лицензияны) алган даражада материалдык эмес активди таанышы керек. Коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалануучуларынан акы алуу укугу акча каражаттарын алууга шартсыз укук болуп саналбайт, анткени акы төлөө суммалары кызмат көрсөтүүлөрдү керектөө даражасынан көз каранды.

18 Эгер оператордун куруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрү бир бөлүгү финансылык актив менен жана бир бөлүгү материалдык эмес актив менен төлөнсө, анда оператор тарабынан алынуучу ордун толтуруунун ар бир компонентин өзүнчө эске алуу зарыл. Эки компонент боюнча тең алынган же алына турган ордун толтуруу ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык баштапкы таанылууга тийиш.

19 Концедент тарабынан операторго төлөнгөн ордун толтуруунун мүнөзү келишимдин шарттарына жана келишимдик укуктун тийиштүү ченемдерине карата, эгер мындай бар болсо, аныкталышы керек. Сыйакынын мүнөзү 23-26-пункттарда сыпатталгандай, аны кийинки эсепке алууну аныктайт. Бирок ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эки түрдөгү тең сыйакы куруу же өркүндөтүү мезгилинин ичинде келишим боюнча актив катарында классификацияланат.

## Оперативдүү башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр

20 Оператор оперативдүү башкаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык эске алышы керек.

## Инфраструктуралык объекттерди белгилүү бир эксплуатациялык ишенимдүүлүк деңгээлине чейин калыбына келтирүү боюнча келишимде каралган милдеттер

21 Оператор өзүнүн лицензиясынын шарттарына ылайык аткарууга тийиш болгон, келишимде каралган төмөнкүдөй милдеттерге ээ болушу мүмкүн: (a) инфраструктуралык объектти белгилүү бир эксплуатациялык ишенимдүүлүк деңгээлинде кармап туруу, же (b) кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн аягында инфраструктура объектисин концедентке өткөрүп берүүнүн алдында аны белгилүү бир абалга чейин калыбына келтирүү. Инфраструктуралык объекттерди кармап туруу же калыбына келтирүү боюнча келишимде каралган ушул милдеттер, аларды өркүндөтүү боюнча бардык кызмат көрсөтүүлөрдөн тышкары (14-пунктту кара), ФОЭС (IAS) 37ге ылайык таанылышы жана бааланышы керек, башкача айтканда отчеттук мезгил аяктаган күнгө карата болгон милдеттерди аткаруу үчүн талап кылынышы мүмкүн чыгымдардын эң мыкты эсептик баалоосу боюнча.

## Зайымдар боюнча оператор тарткан чыгымдар

22 ФОЭС (IAS) 23кө ылайык макулдашууга кирген зайымдар боюнча чыгымдар алар тартылган мезгилде чыгаша катарында таанылууга тийиш, оператор келишимде каралган материалдык эмес активди алуу укугуна (коомдук кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалануучуларынан акы алуу укугуна) ээ болгон учурлардан тышкары. Бул учурда ушул

© ФОЭС Фонду

макулдашууга кирген зайымдар боюнча чыгымдар аталган стандартка ылайык макулдашууда каралган куруу этабынын ичинде капиталдаштырылууга тийиш.

### Финансылык актив

23 16 жана 18-пункттарына ылайык таанылган финансылык активге ФОЭС (IAS) 32 менен ФОЭС (IFRS) 7 жана 9 колдонулат.

24 Концеденттен же анын көрсөтмөсү боюнча алынган сумма ФОЭС (IFRS) 9га ылайык төмөнкүлөр боюнча бааланууучу катарында эске алынат:

(a) амортизацияланган нарк боюнча;

(b) башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча; же

(c) пайда же зыян аркылуу адилет нарк боюнча.

25 Эгер концеденттен алынган сумма амортизацияланган нарк боюнча же башка жыйынды киреше аркылуу адилет нарк боюнча бааланса, ФОЭС (IFRS) 9 натыйжалуу пайыздык ставка методун колдонуу менен эсептелген пайыз пайда же зыяндын курамында таанылышын талап кылат.

### Материалдык эмес актив

26 17 жана 18-пункттарга ылайык таанылган материалдык эмес активге карата ФОЭС (IAS) 38 колдонулат. ФОЭС (IAS) 38дин 45–47-пункттары акчалай эмес активге же активдерге алмаштыруу менен же болбосо акчалай жана акчалай эмес активдердин айкалышына алмаштыруу менен сатып алынган материалдык эмес активдерди баалоо боюнча көрсөтмөлөрдү камтыйт.

### Концедент тарабынан операторго берилген объекттер

27 11-пунктка ылайык кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуунун алкагында концедент операторго колдонууга берген инфраструктура объекттери оператор тарабынан негизги каражаттардын курамында таанылбайт. Ошондой эле концедент операторго башка объекттерди дагы өткөрүп бериши мүмкүн, оператор аларды өзүнө калтыра алат же аларды өзүнүн каалоосу боюнча колдоно алат. Эгер мындай активдер кызмат көрсөтүүлөр үчүн концедент тарабынан төлөнө турган ордун толтуруунун бөлүгү болуп саналса, алар ФОЭС (IAS) 20да белгиленгендей, мамлекеттик субсидиялар болуп саналбайт. Мунун ордуна алар ФОЭС (IFRS) 15теги ушул терминдин аныктамасына ылайык операциянын баасынын бөлүгү катарында эске алынат.

## Күчүнө кирүү күнү

28 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2008-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2008-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

28A–28C [Алып салынган]

28D 2014-жылдын майында чыккан *«Сатып алуучулар менен болгон келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 «Шилтемелер» бөлүмүнө жана 13–15, 18–20 жана 27-пункттарга өзгөртүүлөрдү киргизди. Ишкана ушул өзгөртүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгондо колдонушу керек.

28E 2014-жылдын июлунда чыккан ФОЭС (IFRS) 9 23-25-пункттарга өзгөртүүлөрдү киргизди жана 28A– 28C-пункттарын алып салды. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9 менен бир эле убакта колдонууга тийиш.

28F 2016-жылдын январында чыккан ФОЭС (IFRS) 16 AG8-пунктуна түзөтүү киргизди. Ишкана ушул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонгондо колдонушу керек.

## Өткөөл жоболор

29 30-пунктта көрсөтүлгөн учурдан тышкары, эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр ФОЭС (IAS) 8ге ылайык, башкача айтканда ретроспективдүү түрдө эске алынат.

30 Эгер кандайдыр бир кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу боюнча көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртесинин башталышына карата ушул түшүндүрмөнү ретроспективдүү колдонуу практикада мүмкүн эмес болсо, оператор:

(a) көрсөтүлгөн мезгилдердин эң эртесинин башталышына карата болгон финансылык жана материалдык эмес активдерди таанууга тийиш;

(b) ушул финансылык жана материалдык эмес активдердин мурунку баланстык наркын (алардын мурунку классификациясы кандай болсо дагы) көрсөтүлгөн күнгө карата алардын баланстык наркы катарында колдонууга тийиш; жана

(c) көрсөтүлгөн күндө таанылган финансылык жана материалдык эмес активдерди наркынын түшүшүнө карата тестирлөөгө тийиш, бул практикада мүмкүн эмес болгон учурлардан тышкары, мындай учурда алар учурдагы мезгил башталган күнгө карата нарктын түшүшү боюнча тестирлөөдөн өтүүгө тийиш.

## А тиркемеси
## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул түшүндүрмөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

### Колдонуу чөйрөсү (5-пункт)

AG1 Ушул түшүндүрмөнүн 5-пунктунда инфраструктуралык объект ушул түшүндүрмөнүн колдонуу чөйрөсүнө төмөнкү шарттар аткарылганда кире тургандыгы көрсөтүлгөн:

(a) концедент инфраструктуралык объектти колдонуу менен оператор кандай кызматтарды көрсөтүүгө тийиш экендигин, аларды ал кимге жана кандай баада көрсөтүшү керектигин контролдосо же жөнгө салса; жана

(b) концедент – менчик укугу, бенефициардык укук аркылуу же башка негиздер боюнча – макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн аягында инфраструктуралык объекттеги бардык олуттуу калдык үлүшүн контролдосо.

AG2 (a) шартында көрсөтүлгөн контролдоо же жөнгө салуу келишим аркылуу же башка жол менен (мисалы жөнгө салуучу орган аркылуу) жүргүзүлүшү мүмкүн жана концедент кызмат көрсөтүүлөрдүн бүтүндөй көлөмүн сатып алган учурларды, ошондой эле берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бөлүгү же бүтүндөй көлөмү башка пайдалануучулар тарабынан сатып алынган учурларды карайт. Ушул шарт аткарылганын/аткарылбаганын чечүү үчүн концедент жана аны менен байланышкан бардык тараптар биргеликте каралышы керек. Эгер концедент болуп мамлекеттик сектордун ишканасы саналса, анда бүтүндөй мамлекеттик сектор коомдун кызыкчылыгында иштеген бардык жөнгө салуучу органдар менен бирдикте ушул түшүндүрмөнүн максатында концеденттин байланышкан тарабы катарында каралууга тийиш.

AG3 (a) шарты боюнча, концедент тарабынан бааны толук контролдоо зарылдыгы жок, баанын концедент, келишим же жөнгө салуучу орган тарабынан, мисалы баанын жогорку чегин белгилөө механизми аркылуу жөнгө салынышы жетиштүү. Бирок бул шарт негизинен макулдашууга колдонулушу керек. Болушу күмөн кырдаалдарда гана колдонула турган баанын жогорку чегин чектөө сыяктуу жараксыз мүнөздөмөлөр четке кагылышы керек. Тескерисинче, эгер, мисалы, келишим бааны белгилөөдө оператордун эркиндигин билдирсе, бирок белгиленген деңгээлден ашкан бардык пайда концедентке кайтарылууга тийиш болсо, анда оператордун кирешеси чектелүү жана контролдун болушуна карата тесттин баа элементи аткарылды деп эсептелет.

AG4 (b) шарты боюнча, концеденттин инфраструктура объектисиндеги бардык олуттуу калдык үлүшүн контролдоосу оператордун практикада ушул инфраструктура объектисин сатуу же күрөөгө коюу мүмкүндүгүн чектөөгө, ошондой эле макулдашууну колдонуунун бардык мөөнөтүнүн ичинде концедентке объектти колдонууга туруктуу аракетте болгон укук берүүгө тийиш. Инфраструктуралык объекттеги калдык үлүшү макулдашууну колдонуу мөөнөтүнүн аягында, күтүлгөндөй, объектке ошончо жыл болду жана ал ошондой эле

абалда болот деген божомолго карата аныкталуучу учурдагы наркынын эсептик баалоосун билдирет.

AG5 Контролду башкаруудан айырмалоо керек. Эгер концедент 5(a)-пунктунда сыпатталгандай, контролдоо даражасын дагы жана инфраструктура объекттиндеги бардык олуттуу калдык үлүшүн дагы сактап калса, анда оператор – көп учурларда кеңири башкаруучулук ыйгарым укуктарга ээ болсо дагы, концеденттин атынан инфраструктура объектисин башкарууну гана жүргүзө алат.

AG6 (a) жана (b) шарттары инфраструктура объекти, бардык талап кылынган алмаштырууларды кошкондо (21-пунктту караңыз), объекттин бүтүндөй экономикалык кызмат мөөнөтүнүн аралыгында концедент тарабынан контролдонгон учурларды биргелешип аныктайт. Мисалы, эгер оператор макулдашууну колдонуу мезгилинин ичинде инфраструктура объектисинин бөлүгүн (мисалы жолдун үстүңкү катмарын же имараттын чатырын) алмаштырууга тийиш болсо, инфраструктуралык объект бир бүтүн катарында каралууга тийиш. Ошентип (b) шарты, алмаштырылган компонентти кошкондо, эгер концедент ушул компонент акыркы алмаштырылгандан кийин андагы бардык олуттуу калдык үлүшүн контролдосо, бүтүндөй инфраструктуралык объект үчүн сакталат.

AG7 Кээде инфраструктура объектисин колдонуу жарым-жартылай 5 (a)-пунктунда сыпатталгандай жөнгө салынат, кээде жарым-жартылай жөнгө салынбайт. Бирок мындай макулдашуулар түрдүү формага ээ болушу мүмкүн:

(a) физикалык жактан ажыратууга болгон жана өз алдынча иштей алган, ошол эле учурда ушул термин ФОЭС(IAS) 36да аныкталгандай, акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин аныктамасына шайкеш келген каалаган инфраструктуралык объект, эгер ал жөнгө салынбаган иштин алкагында толугу менен колдонулса, өзүнчө талданышы керек. Мисалы бул оорукананын бөлүмүнө тийиштүү болушу мүмкүн, анда бейтаптар коммерциялык негизде тейленет, ошол эле учурда ооруканaнын калган бөлүгү концедент тарабынан бейтаптарды жалпы негиздерде дарылоо үчүн пайдаланылат.

(b) эгерде ишмердүүлүктүн көмөкчү түрлөрү (мисалы ооруканaнын ичиндеги дүкөн) гана жөнгө салынбаса, анда контролдун болушуна карата тесттер ушул ишмердүүлүктүн түрлөрү болбогондой колдонулууга тийиш, анткени концедент кызмат көрсөтүүлөрдү 5-пунктта сыпатталгандай контролдогон учурларда, ишмердүүлүктүн көмөкчү түрлөрүнүн болушу концеденттин инфраструктура объектисинин үстүнөн контролдугунун солгундоосуна алып келбейт.

AG8 Оператор AG7(a)-пунктунда сыпатталгандай инфраструктура объектисинин ажыратылуучу бөлүгүн же AG7(b)-пунктунда сыпатталгандай жөнгө салынбаган көмөкчү кызмат көрсөтүүлөр үчүн колдонулган объекттерди колдонуу укугуна ээ болушу мүмкүн. Эки учурда тең негизинен концедент тарабынан операторго берилген ижара болушу мүмкүн; эгер ушундай болсо, ижара ФОЭС (IAS) 16га ылайык эске алынышы керек.

© ФОЭС Фонду